“Компаньон Банкы” ЖАК Башмармасынын
2022-жылдын 06- март чечими менен
**БЕКИТИЛДИ**

2023-жылдын 22-мартынан тартып
**КҮЧҮНӨ КИРДИ**

# “КОМПАНЬОН БАНКЫ” ЖАКнун ЖЕКЕ ЖАКТАР ҮЧҮН АРАЛЫКТАН БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИ ТҮЗҮҮГӨ АЧЫК ОФЕРТА

Ушул Оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ачык оферта болуп саналат жана “Компаньон Банкы” Жабык акционердик коомунун (мындан ары – Банк) укукка жана аракетке жөндөмдүү ар бир жеке жакка багытталган Аралыктан банктык кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимди (мындан ары – Келишим) түзүүгө мөөнөтсүз сунушу болуп саналат, Келишимдин шарттары ушул Офертада төмөндө камтылган.

Келишим жооп берген жеке жактын (мындан ары - Кардар) акцепти кабыл алынган учурдан тартып жазуу жүзүндө түзүлдү деп эсептелет. Акцепт "Компаньон" мобилдик тиркемеси (мындан ары - Мобилдик тиркеме) орнотулган жана ага биринчи жолу кирген учурдан тартып жасалды жана кабыл алынды деп эсептелет. Акцепт толук жана шартсыз болуп саналат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 402-беренесине ылайык Кардар тарабынан Келишим түзүлүп, анын бардык шарттары кабыл алынгандыгын билдирет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына, Банктын ички ченемдик актыларына жана Келишимге ылайык Кардарды аралыктан тейлөө режиминде идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосун кошо алганда Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүү ийгиликтүү өткөн шартта гана, ошондой эле Кардар аралыктан банктык кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон бардык документтерди жана/же маалыматтарды берген шартта гана Келишим күчүнө кирет.

Ушул Оферта ал күчүн жоготту деп таанылганга чейин же анын жаңы редакциясы же болбосо жаңы оферта жарыялангандан чейин колдонулат.

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Келишим боюнча Банк Интернет тарамына кирүү мүмкүнчүлүккө жана тиешелүү пайдалануу жабдууга (мобилдик түзүлүшкө) ээ болгон Кардарга Келишимде жана Кыргыз Республкасынын мыйзамдарында каралган шарттарда аралыктан банктык кызмат көрсөтүүлөрдү, б.а. айкын убакыт ыргагында Мобилдик тиркемени колдонуу менен Кардардын электрондук капчыгын, ошондой эле банктык эсептерин жана төлөм картасын (бар болгон учурда) күнү-түнү аралыктан башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт.

1.2. Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү аралыктан кызмат көрсөтүүлөрдүн/операциялардын тизмеси (мындан ары - Кызматтардын тизмеси), тарифтер жана операциялар боюнча лимиттер (чектөөлөр) Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Банктын бөлүмдөрүндөгү маалымат такталарында,

Банктын www.kompanion.kg сайтында (мындан ары - Банктын сайты) жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылат. Кызматтардын тизмеси, тарифтер жана лимиттер (чектөөлөр) Банк тарабынан бир тараптуу тартипте, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын негизинде, өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн, мында бул тууралуу Кардарга Банктын бөлүмдөрүндөгү маалымат такталарында, Банктын сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштыруу менен жана/же башка жеткиликтүү ыкмалар менен билдирилет.

## 2. ЭЛЕКТРОНДУК КОЛТАМГАНЫ КОЛДОНУУ

2.1. Мобилдик тиркемеге кирүү үчүн жана/же тастыктоолор үчүн паролдорду, коддорду жана башка идентификаторлорду (мындан ары – Код/Коддор) пайдалануу жөнөкөй электрондук колтамганын колдонулушу деп таанылат. Жөнөкөй электрондук колтамга жекече (өздүк) колтамганын аналогу деп таанылат. Кардар тарабынан жөнөкөй электрондук колтамганын колдонулушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн жекече колтамгасын койгондой эле юридикалык натыйжаларды (кесепеттерди) жаратат.

2.2. Мобилдик тиркемеге Коддорду колдонуу менен киргенден (авторизациялоодон, аутентификациялоодон) кийин Мобилдик тиркемеде берилген операцияларды жүргүзүү үчүн буйруктар (төлөм тапшырмалар), арыздар жана жасалган башка иш-аракеттер Кардар тарабынан талаптагыдай берилген/жасалган деп эсептелет жана Кардардын операцияны/иш-аракетти жасоо тууралуу чечимин тастыктоого жетиштүү деп саналат.

2.3. Кардардын анкетасында көрсөтүлгөн Кардардын аты-жөнү, ошондой эле Кардар тарабынан киргизилген телефон номери жана Коддор Келишимге же электрондук документке кол койгон Кардарды так аныктаган маалымат болуп саналат.

2.4. Келишимге же электрондук документке жөнөкөй электрондук колтмага менен кол койгон адамды аныктоо төмөнкүлөрдү бир бири менен салыштыруу жана окшоштугун аныктоо жолу менен жүзөгө ашырылат:

1) Кардардын анкетасында аны идентификациялоодо көрсөтүлгөн телефон номерин Код жөнөтүлгөн телефон номери менен;

2) жана/же Кардардын телефон номерине жөнөтүлгөн Кодду киргизилген Код менен;

3) жана/же Мобилдик тиркемеге киргенде биринчи жолу киргизилген ПИН-кодду Мобилдик тиркемеге кийинки кире бериште киргизилген ПИН-код менен.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кардарды аныктоонун ыкмаларынын бири жетиштүү болуп саналат. Банк өз ыңгайына жараша электрондук документке кол койгон адамды аныктоонун кошумча ыкмаларын колдоно алат.

2.5. Жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу боюнча Келишим менен жөнгө салынбаган башка мамилелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## 3. МАКУЛДУКТАР ЖАНА ТАСТЫКТООЛОР

3.1. Кардар төмөнкүлөрдү тастыктайт жана аларга кепилдик берет:

- Код/Коддор анын жөнөкөй электрондук колтамгасы болуп эсептелет, аны Мобилдик тиркемеде Келишимге, буйруктарга, макулдуктарга, арыздарга жана башка электрондук документтерге кол коюу үчүн колдонууга мүмкүн;
- анкетаны толтурууда туура (ишенимдүү) маалыматтар берилген;
- Мобилдик тиркемеге кирүүдө жана анкетада Кардар өзү ээ (абонент) болгон телефон номери көрсөтүлгөн;
- Кардардын телефон номерине жетүүгө, ошондой эле мобилдик телефонуна (түзүлүшүнө) кирүүгө үчүнчү жактардын мүмкүнчүлүгү жок;
- Кардар ушул Офертанын (Келишимдин) тексти менен, анын ичинде Кызматтардын тизмеси, тарифтер, лимиттер (чектөөлөр), Аралыктан банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздук талаптарынын (Келишимге карата Тиркеме, анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат) сакталышы жөнүндө маалымат менен таанышып чыкты жана алар менен макул;
- Кардар СМС-билдирүүлөр жана Интернет аркылуу маалымат алмашууда корголбогон байланыш каналдарын пайдаланууга байланыштуу, Кодго/Коддорго үчүнчү жактардын уруксатсыз жетүүсүнө байланыштуу тобокелдиктерге макул жана аларды толук көлөмдө өзүнө алат.

3.2. Кардар акча каражаттарынын мыйзамдуу ээси экендигин жана анын банктык эсебине/төлөм картасына/электрондук капчыгына келип түшкөн акча каражаттарынын булагы мыйзамдуу экендигин; ошондой эле анын банктык эсеби/төлөм картасы/электрондук капчыгы кандайдыр бир мыйзамсыз максаттарда пайдаланылбагандыгын тастыктайт.

3.3. Кардар өзүнүн жеке маалыматтарын, анын ичинде төмөнкү жеке маалыматтарды, чогултууга, иштетүүгө, берүүгө, трансчекаралык берүүгө Банкка макулдугун эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрки менен берет: паспортунун түрү, документти берген органдын аталышы жана анын коду, берилген датасы, колдонуу мөөнөтү, ПИН, толук аты-жөнү, туулган датасы, жынысы, жүзүнүн санарип сүрөтү, катталган жеринин дареги, үй-бүлөлүк абалы, кредитти төлөө тартиби, телефон номери, мобилдик байланыш кызматтарын пайдалануу убактысы, мобилдик байланыш боюнча кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдардын бир айлык суммасы, роумингде болушу, мобилдик байланыш үчүн колдонулган терминалдык жабдуулардын түрлөрү, геолокациясы жана электр байланыш жөнүндө мыйзамдарга ылайык башка маалыматтар ж.б. Кардар жеке маалыматтарын ага мамлекеттик (муниципалдык), банктык жана төлөм кызматтарды көрсөтүү максатында, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында жана ар кандай башка максаттар үчүн берет.

3.4. Кардар төмөнкүлөр менен таанышып чыккандыгын тастыктайт:
– Келишимдин 3.3-пунктундагы макулдугу Мобилдик тиркемеге биринчи жолу кирген күндөн тартып жана ага мамлекеттик (муниципалдык), банктык жана төлөм кызматтар көрсөтүүлөр берилген, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде жарактуу;
– макулдугун эркин формада жазылган кат жүзүндөгү арызынын негизинде кайта сурап алууга болот;

– макулдугу кайта сурап алынган учурда "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык анын жеке маалыматтарын иштетүүнү толук же жарым-жартылай улантууга болот.

3.5. Эгерде Кардар же анын түпкү пайда алуучусу Америка Кошмо Штаттарынын резиденти болсо, Кардар «Чет элдик эсептерге салык салуу жөнүндө (FATCA)» АКШнын мыйзамына жана өкмөттөр аралык/эл аралык макулдашууларга ылайык Банк тарабынан маалыматтардын берилишине макулдугун берет.

3.6. Кардар төмөнкүлөргө макулдугун жана Банкка өзүнүн буйругун (тапшырмасын) берет:

– өз эсептеринен/карталарынан/электрондук капчыктарынан акча каражаттарды Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө үчүн жана/же Банктын алдындагы карызын жабуу үчүн биринчи кезекте жана акцептсиз түрдө алып салууга;

– эгерде Кардардын банктык эсебинде 12 (он эки) календардык ай ичинде акча каражаттары жок болсо же Кардардын тапшырмалары боюнча операциялар жүргүзүлбөсө, ошол банктык эсепти билдирүүсүз жабууга (эсептеги каражаттардын калдыгын андан ары Банктын кассаларынан алуу мүмкүнчүлүгү үчүн Банктын системадан тышкаркы эсептерине которуу менен);

– "Компаньон" мөөнөттүү сактык аманаты (Келишимдин 5-главасынын 4-параграфы) жабылган/кайтарылган учурда анын эсебин билдирүүсүз жабууга;

– Кардар төлөм картаны чыгаруу жөнүндө арыз берилген күндөн тартып 3 (үч) календардык айдын ичинде төлөм картасын алуу үчүн Банкка келбеген учурда, же болбосо төлөм картасы боюнча 12 (он эки) календардык ай ичинде акча каражаттары/кыймылдар жок болгон учурда же Кардардын төлөм картасындагы (карта эсебиндеги) акча каражаттарынын суммасы белгиленген минималдуу өлчөмдөн төмөн болгон учурда Кардардын төлөм картасын жана талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат боюнча эсебин (карта-эсебин) билдирүүсүз жабууга (токтотууга).

3.7. Тараптар Мобилдик тиркеме системасында Банк тарабынан алынган бардык буйруктар жана башка электрондук документтер төмөнкү касиеттерге ээ экендигин таанышат жана тастыкташат:

– Кардардан келип чыккан түп нускалуу, окшош жана толук документтер болуп саналат;

– Мобилдик тиркемеде операцияларды жана башка юридикалык маанилүү аракеттерди жасоо үчүн негиз болуп саналат;

– Кардардын жеке өздүк колу коюлган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол-жоболонгон Кардардан кагаз түрүндө алынган тапшырмаларга/документтерге теңдештирилет жана ошондой эле юридикалык күчкө ээ болуп саналат.

3.8. Тараптар Келишимге жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кардардын акыркы белгилүү болгон даректери/номерлери боюнча же Мобилдик тиркеме системасы аркылуу жөнөтүлгөн билдирүүлөр жана корреспонденциялар Кардарга жөнөтүлдү жана ал тарабынан алынды деп эсептелингендигин таанышат.

3.9. Тараптар Мобилдик тиркеме системасы маалыматты иштеп чыгууда, сактоодо, кабыл алууда жана өткөрүүдө ишенимдүү жана эффективдүү иштөөнү камсыз кылуу үчүн жетиштүү экенин таанышат.

3.10. Тараптар колдонулуп жаткан технологиялар уруксатсыз кирүүдөн коргоо үчүн,

ошондой эле электрондук документтердин аныктыгын тастыктоо үчүн жетиштүү деп таанышат.

## 4. КАРДАРДЫ КАТТОО ЖАНА ИДЕНТИФИКАЦИЯЛОО

4.1. **Мобилдик тиркемеде каттоо:**

4.1.1. Мобилдик тиркемени мобилдик түзүлүшкө орнотуу үчүн аны Apple (Apple Store) же Google/Andriod (Play Маркет) тиркеме дүкөндөрүнөн жүктөп алуу керек.

4.1.2. Мобилдик тиркемеге биринчи жолу киргенде Кардар ага таандык колдонуудагы мобилдик телефон номерин көрсөтөт, Мобилдик тиркеме үчүн 8ден кем эмес белгиден: тамгалардан (кичине жана баш тамгалар), атайын символдордон жана сандардан турган паролду ойлоп табат жана киргизет. Көрсөтүлгөн телефон номерине бир жолку төрт орундуу код (OTP-код) бар СМС билдирүү жөнөтүлөт. Бул OTP-код Кардар тарабынан Мобилдик тиркеменин атайын талаасында ал күчүндө (жарактуу) болгон кыска мезгил ичинде киргизилиши керек.

4.1.3. Кардар Мобилдик тиркемеге кийинки кирүүлөрдүн ыңгайлуулугу үчүн коопсуздук талаптарына (Келишимге карата Тиркеме) жооп берген төрт сандуу ПИН-кодду ойлоп таап, киргизиши керек, ал эми каалаcа манжасынын тагын скандоо жолу менен колдонсо болот (эгерде бул функция Кардардын мобилдик түзүлүшүндө бар болсо).

4.1.4. Мобилдик тиркемеге кийинки кирүүлөрдүн айрым учурларында (мисалы, Мобилдик тиркеме жаңырганда, ПИН-код өзгөргөндө ж.б. учурларда) Кардар Келишимдин 4.1.2 жана 4.1.3-пункттарында көрсөтүлгөн аракеттерди кайрадан аткарууга тийиш.

4.1.5. Мобилдик тиркемеге киргенде көрсөтүлгөн Кардардын мобилдик телефонунун номери электрондук капчыкка анын идентификациялык номери катары ыйгарылат. Электрондук капчыкка идентификациялык номер ыйгаруу электрондук капчык же Кардар идентификациялоодон өткөндүгүн белгилебейт. Кардар өзү идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин гана Кардардын электрондук капчыгы идентификацияланган болуп эсептелет. Электрондук капчыктын идентификациялык номерин өзгөртүү үчүн (Кардардын телефон номерин алмаштырууда) Банктын бөлүмүнө келүү зарыл.

4.2. **Кардарды идентификациялоо:**

4.2.1. Кардарды идентификациялоо төмөнкү тартипте өтөт:

– Банктын бөлүмдөрүндө (же мүмкүн болсо – Банктын агенттеринин бөлүмдөрүндө);
– Мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан тейлөө режиминде;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка тартипте.

4.2.2. Мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан тейлөө режиминде идентификациялоо үчүн Кардар нускамалар боюнча паспорттук жана башка маалыматтарды киргизүү, паспорттун алдыңкы жана арткы беттерин сүрөткө тартуу, паспорт менен сүрөткө түшүү, суроолорго өз үнү менен жооп берүү, видеочалууну демилгелөө (бул аракеттердин бири же бир нечеси талап кылынбашы мүмкүн), башка аракеттерди жасашы керек.

4.2.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, же Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын, Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкынын, Банктын талабы боюнча Кардар Банктын бөлүмдөрүндө (же мүмкүн болсо – Банктын агенттеринин бөлүмдөрүндө) идентификациялоо жол-жобосунан өтүүгө тийиш.

4.2.4. Кардардын атына бирден ашык идентификацияланган электрондук капчык ачууга болбойт.

4.2.5. Кардар Келишимдин 4.2.2, 4.2.3 жана 4.2.4-пункттарында көрсөтүлгөн аракеттерди аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда, ошондой эле Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда Банк Кардарды идентификациялоодон баш тартат.

4.3. Кардардын жеке маалыматтары (аты-жөнү, паспорттук маалыматтары же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык инсандыгын ырастоочу башка көрсөтүлгөн документтин маалыматтары) жана Кардарды идентификациялоодо Банкка берилген Кардардын башка жеке маалыматтары Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 5. АРАЛЫКТАН КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ СУНУШТООНУН/ОПЕРАЦИЯЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

**§1. Аралыктан тейлөөнүн жалпы тартиби**

5.1. Аралыктан банктык тейлөө Кардарга анын техникалык жана башка талаптарга жооп берген мобилдик түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемени колдонуу менен Интернет тарамы аркылуу аралыктан сунушталат.

5.2. Кызматтардын Тизмесине ылайык жана белгиленген лимиттердин (чектөөлөрдүн) чегиндеги Мобилдик тиркемедеги кызмат көрсөтүүлөр/операциялар Кардарга Мобилдик тиркемеде ийгиликтүү каттоодон өткөндөн кийин жана Кардар идентификацияланган шартта жеткиликтүү болот. Мобилдик тиркемеде банктык эсептер жана/же төлөм карталар боюнча кызмат көрсөтүүлөр/операциялар Кардарлардын айрым категориялары үчүн, ошондой эле алар 3 (үч) ай катары менен пайдаланылбаса жеткиликтүү болбой калышы мүмкүн. Аларды кошуу Кардардын Банктын бөлүмдөрүндө (же мүмкүн болсо - Банктын агенттеринин бөлүмдөрүндө) берилген жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде же болбосо Кардарды Мобилдик тиркеме аркылуу кошумча идентификациялоодон/верификациялоодон кийин мүмкүн. Аталган кошумча идентификациялоонун/верификациялоонун жол-жобосу Банк тарабынан өз алдынча аныкталышы мүмкүн.

5.3. Мобилдик тиркемедеги операциялар Кардардын буйруктарынын (төлөм тапшырмаларынын) негизинде жүзөгө ашырылат. Операциялар Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча да жүргүзүлүшү мүмкүн.

5.4. Мобилдик тиркемедеги операцияны жүргүзүүгө тууралуу буйрук, Келишимдин 3.6-пунктунда каралган учурларды кошо албаганда, Мобилдик тиркемеде тиешелүү формаларды толтуруу менен төлөмдүн реквизиттери көрсөтүлгөндө Кардар тарабынан түзүлдү, тастыкталды жана Банкка берилди деп эсептелет.

5.5. Мобилдик тиркемеде ишке ашырылган бардык төлөмдөр Банктын тиешелүү системасында өз ара эсептешүүлөрдүн жыйынтыкталган жана акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзгөн учурдан тартып тастыкталган жана жыйынтыктоочу (шартсыз жана кайтарылып алынгыс) катары эсептелинет. Кардар үчүн төлөм

кайтарылып алынгыс катары төлөмдү аткарууга кабыл алынгандыгы тууралуу тастыктоону алган учурда, аяктаган катары – Кардардын электрондук капчыгынан, банктык эсебинен же төлөм картасынан каражаттарды алып салган жана ошол эле убакта алуучунун эсебине чегерген учурда эсептелинет.

5.6. Келип түшкөн акчанын валютасы эсептин/картанын/электрондук капчыктын валютасынан айырмаланган учурда Банк (мүмкүн болсо) ошол акчанын суммасын Банктын тиешелүү валютаны сатып алуу курсу боюнча же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча конвертациялоого укуктуу.

Техникалык мүчүлүштүктөрдөн же башка себептерден улам белгиленген жаңылыш курс боюнча сумманы конвертациялоодо операциянын суммасы кайра эсептелүүгө жана Банктын тиешелүү валютанын ишенимдүү сатып алуу курсу боюнча же болбосо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча кайра эсептелүүгө тийиш. Мындай учурда Кардар келип чыккан айырманы 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде Банкка компенсациялоого милдеттүү.

5.7. Операциянын жүргүзүлүшү төмөнкү учурларда мүмкүн эмес:

– Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган лимиттен ашканда жана чектөөлөр бузулса;

– овердрафт учурларын кошо албаганда, операцияны жүргүзүү үчүн жана Банктын жана/же Банктын агентинин кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө үчүн каражат жетишсиз болсо;

– төлөмдүн реквизиттеринде жана/же башка реквизиттерде ката болсо;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Келишимге ылайык операцияны жүргүзүү жана/же Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүү үчүн керектүү жана Банк талап кылган документтердин (реквизиттердин) бири берилбесе;

– Келишимге ылайык Банктын же Кардардын (арызы) демилгеси боюнча Кардардын электрондук капчыгы/эсеби/картасы бөгөттөлсө же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камакка алынса;

– операцияны жүргүзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана/же Келишимдин шарттарынын бузулушуна алып келсе, анын ичинде: мурда төлөнгөн төлөмдү кайтарып алуу боюнча (мисалы, товарлардан же кызмат көрсөтүүлөрдөн баш тартууга байланыштуу) операцияларды кошо албаганда, аралыктан идентификацияланган Кардардын пайдасына юридикалык жактан же жеке ишкерден акча которуу келсе, ошондой эле аралыктан тейлөө режиминде идентификацияланган Кардар коммерциялык эмес уюмдун (резиденттин) пайдасына төлөм жиберсе;

– Интернет тарамына туташуу жок болсо же туташууда мүчүлүштүктөр болсо;

– Банк тарабынан Мобилдик тиркеме системасында техникалык иштер жүргүзүлгөндө;

– -Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

**§2. Электрондук капчыкты тейлөө**

5.8. Электрондук капчык боюнча операциялар Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында номинацияланган (туюндурулган) электрондук акчалар менен гана жүзөгө ашырылат.

5.9. Электрондук капчык Банктын кассасы аркылуу чет өлкө валютасындагы каражаттар менен толтурулган учурда аларга эквиваленттүү улуттук валютадагы

суммасы ошол чегерүү күнгө карата Банк тарабынан белгиленген чет өлкө валютасын сатып алуу курсу боюнча же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча чегерилет (эмиссия жүзөгө ашырылат).

5.10. Кардардын электрондук капчыгы катталган мобилдик телефондун номери (электрондук капчыктын идентификациялык номери) уюлдук оператордун системасында деактивацияланса же жокко чыгарылса, Кардардын электрондук капчыгы бөгөттөлөт/жабылат. Мында электрондук акчалардын калдыгы Банктын атайын эсебине которулат жана Кардар тарабынан жазуу жүзүндөгү арызы боюнча талап кылынышы мүмкүн.

**§3. Банктык эсепти тейлөө**

5.11. Банктык эсептер Кардардын арызы боюнча:
- Банктын бөлүмдөрүндө;
- же Мобилдик тиркемени колдонуу менен аралыктан ачылышы мүмкүн.

5.12. Кардар Мобилдик тиркеме аркылуу талап боюнча төлөнүүчү аманаттар боюнча эсептерди жана мөөнөттүү топтолуучу аманаты (мындан ары - "Компаньон" аманаты) боюнча эсептерди гана ача алат. Эсеп Мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан ачылган учурда эсептин номери Кардарга ал ачылгандан кийинки иш күнүнөн кечиктирбестен каалаган байланыш каражаттары аркылуу билдирилет.

5.13. Талап боюнча төлөнүүчү аманат эсебине Кардардын өздүк акча каражаттарынан тышкары эмгек акылар, автордук гонорарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка банктык эсептен каражаттар, мурастоого байланыштуу төлөмдөр, эсеп ээсине тиешелүү болгон жеке мүлктү сатып өткөрүү үчүн төлөмдөр, акча которуулар, башка акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр (кредиттер боюнча төлөмдөрдү эске алганда) чегерилиши мүмкүн.

5.14. Кардар Талап боюнча төлөнүүчү аманат боюнча эсебинен жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү, анын ичинде өзүнүн жеке колдонуусу үчүн алынган сатып алынган товарларга (сунушталган кызмат көрсөтүүлөр) төлөмдөрдү, кредит боюнча төлөмдөрдү, коммуналдык жана башка ушул сыяктуу жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү ишке ашырса болот.

5.15. Эгерде өзүнчө келишимдерде/макулдашууларда башкасы каралбаса, талап боюнча төлөнүүчү аманат боюнча эсептеги акча каражаттарга пайыздар чегерилбейт жана Банк тарабынан төлөнүп берилбейт.

5.16. Эсеп боюнча бардык төлөмдөр жана операциялар эсептин валютасында жүргүзүлөт.

5.17. Кардардын пайдасына келип түшкөн чет өлкөлүк валютадагы акча каражаттар Банк тарабынан тиешелүү банк-корреспонденттин эсебинин көчүрмөсүн алган күндөн кийинки иш күндөн кеч эмес чегерилет.

5.18. Банктын бөлүмдөрүндө эсеп боюнча операциялар төмөнкү шарттарда жүзөгө ашырылат:
- эгерде Келишимде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкасы каралбаса, операциялар эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык түзүлгөн төлөм документинин негизинде жазуу жүзүндөгү буйругу алынгандан кийин жүргүзүлөт;
- төлөм документтери Кардарларды тейлөө үчүн Банк тарабынан белгиленген убакыттын (мындан ары – Операциялык убакыт) аралыгында аткарууга кабыл алынат, эсептешүүлөр Операциялык убакытта келип түшкөн документтерди

тапшырган күнү жүргүзүлөт. Банкка Операциялык убакыт өткөндөн кийин келип түшкөн документтер Банк тарабынан кийинки иш күнү аткарылат;
– эгерде Кардар Банкка өз эсебиндеги калдыктан ашык суммадагы бир нече операцияларды аткарууну тапшырса, Банк ошол операцияларды Эсептеги калдыктын чегинде өз ыңгайына жараша жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аткарат;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын талаптарында каралган башка шарттарда.
5.19. Мөөнөттүү аманаттын шарттары өзүнчө келишим менен, ал эми Мобилдик тиркеме аркылуу “Компаньон” аманаты аралыктан ачылган учурда – ушул главанын §4-параграфы менен жөнгө салынат. Мөөнөттүү аманат жөнүндө келишимде же ушул главанын §4-параграфында башкасы каралбаса, мөөнөттүү аманат боюнча пайыздарды төлөө жана мөөнөттүү аманатты кайтарып берүү Кардардын талап боюнча төлөнүүчү аманат эсебине чегерүү жолу менен жүргүзүлөт.
5.20. Кайтарып берүүнүн башка шарттарындагы аманаттын шарттары өзүнчө келишим менен жөнгө салынат.

**§4. “Компаньон” аманатын тейлөө**

5.21. Келишимдин алкагында Кардар Мобилдик тиркеме аркылуу ушул параграфта каралган шарттарда “Компаньон” аманатын ача алат.
5.22. “Компаньон” аманатынын сунушталып жаткан жалпы шарттары (аманаттын валютасы, мүмкүн болгон мөөнөттөрү, минималдуу баштапкы суммасы, максималдуу баштапкы суммасы, бир жолку толуктоонун минималдуу суммасы, бир айдагы толуктоолордун максималдуу суммасы ж.б.) Кызматтардын тизмесинде көрсөтүлгөн.
5.23. "Компаньон" аманатынын мөөнөтү Кардар тарабынан Мобилдик тиркеменин тиешелүү барактарында сунушталган шарттардын ичинен тандалат, ал эми аманаттын суммасы Кардар тарабынан толтурулат (которулат). "Компаньон" аманаты боюнча номиналдык пайыздык чени аманаттын мөөнөтүнө жараша белгиленет. Мындан кийин «Компаньон» аманаттын суммасы, мөөнөтү жана номиналдык пайыздык чени Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Мобилдик тиркемедеги аманат жөнүндө маалыматта көрсөтүлөт.
5.24. Ушул параграфтын шарттары жана Келишимдин "Компаньон" аманатына тиешелүү башка шарттары аманаттын суммасы "Компаньон" аманатынын эсебине келип түшкөн учурдан тартып күчүнө кирет жана аманат кайтарылган күнгө чейин күчүндө болот.
5.25. “Компаньон” аманаты дем алыш/майрам күндөрүндө ачылган учурда ал кийинки жумушчу күнү кабыл алынды деп эсептелет.
5.26. “Компаньон” аманатынын суммасы боюнча пайыздар аманат Банкка келип түшкөн күндөн тартып аманаттын суммасы Кардарга кайтарылып берилген же болбосо башка негиздер боюнча Кардардын эсебинен алынып салынган күнгө чейинки күнгө карата чегерилет.
5.27. “Компаньон” аманаты боюнча пайыздардын капитализациясы каралган эмес.
5.28. Пайыздарды чегерүү үчүн жылдын базасын эсептөөдө жылдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү саны эске алынат.
5.29. Чегерилген пайыздар аманаттын мөөнөтүнүн аягында (аманатты кайтарып берүү датасында) төлөнүп берилет.

5.30. Эгерде “Компаньон” аманатын жана/же чегерилген пайыздарды кайтаруу датасы дем алыш же майрам күнүнө туш келген учурда алар кийинки жумушчу күнү төлөнүп берилет.
5.31. “Компаньон” аманатынын мөөнөтүн автоматтык түрдө узартуу мүмкүнчүлүгү каралган эмес.
5.32. “Компаньон” аманатын кайтаруу датасы келгенде ал талап кылынбаса, ушул параграфтын (“Компаньон” аманат жөнүндө келишимдин) аракети токтотулат, ал эми “Компаньон” аманатына карата Банктын колдонуудагы тарифтери боюнча талап боюнча төлөнүүчү аманатты жайгаштыруу шарттары колдонулат. Банк “Компаньон” аманатынын суммасын жана чегерилген пайыздарын талап боюнча төлөнүүчү аманаттын эсебине которуп, “Компаньон” аманатынын эсебин жабат.
5.33. Кардардын демилгеси боюнча аманаттын суммасы мөөнөтүнөн мурда толук же жарым-жартылай алынган учурда, б.а. ушул параграф ("Компаньон" аманаты жөнүндө келишими) бузулган учурда, "Компаньон" аманаты боюнча чегерилген пайыздардын жалпы суммасы төлөнүп берилбейт.
5.34. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ушул параграфтын (“Компаньон” аманаты жөнүндө келишимдин) шарттары боюнча чегерилген/алынган пайыздардын суммасынан салык кармап калуу шарты каралса, Банк андай салыкты төлөнгөн пайыздардын суммасынан же кайтарып берилген аманаттын суммасынан кармап калат.
5.35. “Компаньон” аманат жөнүндө келишимдин ушул параграфта каралбаган башка шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Келишим менен жөнгө салынат (колдонууга мүмкүн болгон жагында).
5.36. Аманат “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык корголгон.

**§5. Төлөм картасын тейлөө**

5.37. Банк тарабынан эмитирленген төлөм картасын чыгаруу жана тейлөө Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жана Банктын сайтында жарыяланган “Компаньон Банкы” ЖАКта банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө эрежелерине”, ошондой эле колдонууга мүмкүн болгон жагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.
5.38. Мүмкүн болгон учурда, Кардар анын атына башка эмитент-банк тарабынан чыгарылган төлөм картасын Мобилдик тиркемеге туташтырып, Мобилдик тиркемеде картадагы каражаттардын эсебинен операцияларды жүргүзө алат (тарифтерге ылайык жана белгиленген лимиттердин (чектөөлөрдүн) чегинде). Мындай туташтыруу Мобилдик тиркемеде төлөм картанын маалыматтарын (төлөм картанын номерин, жарактуулук мөөнөтүн, CVV/CVC-кодун) киргизүү жолу менен же Мобилдик тиркемеде каралган башка ыкма менен ишке ашырылат.

## 6. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРГӨ ТӨЛӨӨ

6.1. Кардар Банктын аралыктан кызмат көрсөтүүлөрү (мындан ары “комиссиялар” деп аталуучу операцияларды жүргүзүү үчүн Банктын комиссиялары) үчүн, эгерде Келишимге карата жазуу жүзүндөгү кошумча макулдашуу менен башка шарттар каралбаса, Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөйт.

6.2. Келишим боюнча Банктын кызмат көрсөтүүлөргө төлөө Кардардын кайсы болбосун эсебиндеги жана/же картасындагы жана/же электрондук капчыгындагы акча каражаттарын акцептсиз (Кардардын макулдугусуз) эсептен чыгаруу жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. Валюталары айырмаланган учурда Банк алынуучу Комиссиянын суммасын ошол күнгө карата Банктын тиешелүү валютаны сатып алуунун курсу же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча конвертациялоого укуктуу.
6.3. Кардардын буйруктарын аткарууга байланыштуу Банктын жана/же үчүнчү жактардын бардык чыгымдардын орду Кардардын эсебинен, анын ичинде Келишимдин 6.2-пунктунда каралган тартипте толтурулат.
6.4. Эгерде операция Банктын агенти аркылуу жүргүзүлсө, Банктын агентинин тарифтерине ылайык кошумча комиссия алынышы мүмкүн. Мындай тарифтер тууралуу маалымат түздөн-түз Банктын агенти тарабынан берилет.
6.5. Мобилдик тиркемеде операция башка банк тарабынан чыгарылган жана тиркемеге туташтырылган (мүмкүн болгон учурда) төлөм картадагы акча каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн учурда эмитент-банктын тарифтерине ылайык комиссия алынышы мүмкүн, мындай тарифтер тууралуу маалымат түздөн-түз эмитент-банк тарабынан берилет.
6.6. Комиссия операциянын суммасына кирбейт жана аны азайтпайт. Эгерде тарифтерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Комиссиянын өлчөмүнүн ичине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык салыктар жана жыйымдар кирет.
6.7. Кардардын катачылыгынан улам жүргүзүлгөн операция боюнча алынган комиссиянын суммасы кайтарылып берилбейт.

## 7. КАРДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

7.1. **Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:**
7.1.1. кызматтардан Келишим менен каралган тартипте жана шарттарда пайдаланууга;
7.1.2. Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларын эске албаганда, эсептеги, картадагы, электрондук капчыктагы акча каражаттарын эркин тескөөгө;
7.1.3. зарыл болгон учурда Банктан Мобилдик тиркеме системасында жүргүзүлгөн операциялар боюнча буйруктарынын (төлөм тапшырмаларынын) аткарылгандыгы жөнүндө кагаз жүзүндөгү тастыктоону (күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн) жана Келишимде белгиленген тартипте эсептен көчүрмөнү алууга;
7.1.4. Комиссия төлөнгөн же Банктын алдындагы карызы жабылган жана Банк менен башка эсептешүүлөр аяктаган шартта Банкка жазуу жүзүндөгү арыз берүү жолу менен Келишимди бир тараптуу токтотууга.

7.2. **Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**
7.2.1. өз алдынча жана өз каражаттарынын эсебинен Интернет тармына жана Мобилдик тиркеме системасына кошулуу үчүн зарыл болгон техникалык, программалык жана коммуникациялык ресурстарынын болушун камсыз кылууга;
7.2.2. эсепти/картаны/электрондук капчыкты ачуу жана алар аркылуу операцияларды ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Банктын

ички ченемдик актылары жана Келишим менен талап кылынган бардык документтерди жана маалыматтарды Банкка берүүгө;
7.2.3. буйруктарды жөнөткөндөн кийин, алардын Банк тарабынан алынышынын жана аткарылышынын фактысын өз алдынча текшерүүгө. Алардын алынышынын жана/же аткарылышынын фактысы тастыкталбаган учурда, Кардар анын себептерин билүү үчүн Банкка суроо-талабы менен кайрыла алат;
7.2.4. буйруктарды жөнөтүүдө маалыматты иштеп чыгуу, сактоо жана коргоо системаларын жарактуу жана компьютердик вирустардын жоктугуна текшерилген пайдалануу түзүлүштө гана колдонууга;
7.2.5. Кардардын жана (же) бенефициардык ээсинин анкетасында көрсөтүлгөн телефон номери жана башка маалыматтар өзгөргөндө же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда жаңыланган маалыматтарды жана документтердин көчүрмөлөрүн дароо берүүгө;
7.2.6. Банкка жазуу жүзүндө же (0312) 338800 же 8800 (кардарларды тейлөө үчүн телефон номерлери) телефон номерлери боюнча төмөнкүлөр жөнүндө дароо билдирүүгө:
- Код/Коддор башкаларга белгилүү болуп калуу, Кардардын телефон номерине (SIM-картага), мобилдик түзүлүшүнө уруксатсыз кирүү же уруксатсыз кирүүгө аракет кылуу аныкталгандыгы жөнүндө;
- Коддун/Коддордун, Кардардын телефон номеринин (SIM-картасынын), мобилдик түзүлүшүнүн жоголушу же үчүнчү жак тарабынан уурдалышы жөнүндө;
7.2.7. Кардардын эсебине/картасына/электрондук капчыгына акча каражаттар жаңылыш чегерилгендиги жөнүндө Банкка билдирүүгө, ал эми жаңылыш чегерилген акча каражаттарын ал аныкталган күнүнөн жана/же Банкка билдирүү күнүнөн кийинки күндөн кечиктирбестен Банкка кайтарып берүүгө;
7.2.8. Банк көрсөтүп жаткан кызматтарды кандайдыр бир мыйзамсыз максаттарда пайдаланбоого, ошондой эле террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) багытталган эч кандай иш-аракеттерди жасабоого;
7.2.9. Банктын алгачкы талабы боюнча 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде Кардардын ишине жана ал жүргүзгөн банктык операцияларга тиешелүү маалыматтарды жана документтерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык операциянын/операциялардын мыйзамдуулугун жана экономикалык максатка ылайыктуулугун тастыктаган маалыматтарды жана документтерди берүүгө. Банктын суроо-талабы жазуу жүзүндө же оозеки түрдө болушу мүмкүн;
7.2.10. Келишим, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттенмелерин аткарууга.

## 8. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

8.1. **Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**
8.1.1. Эсеп/карта/электрондук капчык боюнча операцияларга байланыштуу жана/же террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында операциянын мыйзамдуулугун жана операциянын, анын ичинде ишке ашырылган операциянын, экономикалык максаттуулугун тастыктоочу кошумча документтерди жана

маалыматтарды Кардардан талап кылууга. Кардар талап кылынган документтерди, маалыматтарды берүүдөн баш тарткан учурда Банк Кардардын кайсы болбосун операцияларын ишке ашырбоого укуктуу;

8.1.2. төмөнкү учурларда Келишимди бир тараптуу түрдө толугу менен же жарым-жартылай токтотууга (бузууга):

– Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо жана бенефициардык ээсин аныктоо боюнча талаптарды, Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүүнүн башка чараларын аткаруу үчүн, ошондой эле эсеп/карта/электрондук капчыгы боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон тиешелүү документтерди/маалыматтарды Кардар тарабынан берилбесе;

– эсеп/карта/электрондук капчык боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон, ишке ашырылып жаткан операциянын экономикалык максатка ылайыктуулугун жана кардардын айкын экономикалык иш алып баруу аныктыгын тастыктаган тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбесе;

– Кардар анык эмес документтерди/маалыматтарды берсе;

– Кардар Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн тарифтерге ылайык төлөбөсө;

– ушул Оферта жараксыз деп таанылса, же Мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча мамилелерди жөнгө салуучу жаңы оферта жарыяланса;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Келишимде каралган башка учурларда;

8.1.3. "Компаньон" депозити боюнча пайыздардын өлчөмүн азайтуу учурларын кошо албаганда, Келишимге бир тараптуу тартипте (Кардар менен өзүнчө келишимдерди түзбөстөн) өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду киргизүүгө. Келишимге өзгөртүүлөр/толуктоолор ушул Офертаны өзгөртүү/толуктоо жана Кардарга Мобилдик тиркеме аркылуу билдирүү жана/же бул өзгөртүүлөрдү/толуктоолорду Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык такталарда, Банктын сайтында, Мобилдик тиркемеде алар күчүнө кирген күнгө чейин 10 (он) жумушчу күндөн кем эмес жайгаштыруу (жарыялоо) жолу менен киргизилет;

8.1.4. Мобилдик тиркеме аркылуу жана/же акыркы белгилүү дарек боюнча жана/же телефон номерине/электрондук почтасына телефондук/электрондук түрдө билдирүүнү кийин жиберүү шартта Кардардын банк эсебинин номерин өзгөртүүгө. Банктык эсептин номери өзгөргөндөн кийин бардык акча каражаттар жаңы банктык эсепке которулуп, кийинки операциялар жаңы банктык эсеби боюнча жүргүзүлөт;

8.1.5. операцияларды жүргүзүү үчүн башка банктарды жана/же финансылык-кредиттик уюмдарды, төлөм уюмдарды же төлөм системасынын операторлорун тандап тартууга;

8.1.6. Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жана учурларда, ошондой эле Банк менен Кардардын ортосундагы ар кандай укуктук мамилелеринен келип чыккан Кардардын Банктын алдындагы карызы бар болгон учурда, Кардарга жаңылыш же негизсиз түрдө акча каражаттарды чегерүүдө Кардардын Банктагы баардык эсептеринен/карталарынан/электрондук капчыктарынан акча каражаттарды акцептсиз алып салууга. Кардардын карызынын валютасы эсептин/картанын/электрондук капчыктын валютасынан айырмаланган учурдагы

конвертациялоодо Банктын тиешелүү валютаны сатып алуу курсу боюнча же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу колдонулат;

8.1.7. буйрук (төлөм тапшырмасы) жок болсо же толук эмес, бурмаланган, так эмес болсо же карама-каршылык маалыматтарды камтыса, бардык зарыл болгон маалыматтарды камтыган документтерди алганга чейин акча каражаттардын суммасын чегерүүнү кечендетүүгө. Документте Кардарга талаптагыдай текшерүүнү жүргүзүү үчүн зарыл маалымат жок же туура эмес болгон учурда Банк акча каражаттардын суммасын жөнөөтүүчүгө кайтарып берүүгө да укуктуу;

8.1.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Келишимде каралган учурларда, анын ичинде Келишимдин 4.2.3-пункту аткарылбаган учурда, ошондой эле алдамчылык же кылмыштуу операциялар ишке ашырылган же ишке ашырылгандыгына шек болгон учурларда Мобилдик тиркемени же болбосо эсеп/карта/электрондук капчык боюнча бардык же өзүнчө операцияларды токтотууга/бөгөттөөгө;

8.1.9. төмөнкү учурларда операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга:

– Кардар жүргүзүлүп жаткан операциянын реквизиттерин толук эмес/туура эмес көрсөткөндө, аны жүргүзүү мөөнөттөрүн бузганда;

– жүргүзүлүп жаткан операция Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, анын ичинде террористтик же экстремисттик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарына ылайык келбегенде;

– операцияны жүргүзүү үчүн жана/же жүргүзүлүп жаткан операция боюнча Банктын комиссиялык сый акысын төлөө үчүн Кардардын эсебинде/картасында/электрондук капчыгында акча каражаты жетишсиз болгон учурда;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда;

8.1.10. зарыл болгон учурда операцияны жүргүзүү үчүн Кардардын жекече (өздүк) колтамгасы коюлган кагаз жүзүндөгү документтин тариздeлүүсүн Кардардан талап кылууга. Мында Банк Кардардын Мобилдик тиркеме аркылуу берилген буйругун кагаз жүзүндөгү буйругун алганга чейин аткарбайт;

8.1.11. алдын алуу жана техникалык иштерди жүргүзүү жана бузулууларды, каталарды жана мүчүлүштүктөрдү жоюу максатында Мобилдик тиркеменин программалык жана/же аппараттык каражаттарынын ишин убактылуу токтотууга;

8.1.12. Мобилдик тиркеменин интерфейстерин жана программалык камсыздоосун модификациялоого;

8.1.13. Мобилдик тиркемени акыркы жолу колдонгондон бери 6 (алты) календардык айдан ашык убакыт өтсө, коопсуздукту камсыздоо максатында Мобилдик тиркеме системасына кирүүнү бөгөттөөгө. Мобилдик тиркеме системасына кирүү мүмкүнчүлүгү Банк тарабынан белгиленген тартипте калыбына келтирилет;

8.1.14. Электрондук капчыктагы акча каражаттарынын калдыгына карабастан, төмөнкү учурларда Кардардын электрондук капчыгын бөгөттөөгө жана/же өчүрүүгө:

– 6 (алты) календардык ай ичинде электрондук капчык боюнча операциялар жүргүзүлбөсө;

– электрондук капчыкты каттоо үчүн колдонулган уюлдук телефон номери уюлдук оператордун системасында өчүрүлгөн же жокко чыгарылган учурда;

– Кардардын атына Банкта бирден ашык электрондук капчык катталган болсо.

Кардардын электрондук капчыгы бөгөттөлгөн учурда электрондук акчанын калдыгы

Банктын атайын эсебине которулат жана Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча талап кылынышы мүмкүн.
8.1.15. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Келишимде каралган башка укуктарга ээ.

8.2. **Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**
8.2.1. Кардарга аралыктан банктык кызматтарды Келишимде белгиленген тартипте көрсөтүүгө;
8.2.2. операцияларды жүргүзүү боюнча Кардардын буйруктарын аткарууга, Кардардын эсебине/картасына/электрондук капчыгына келип жаткан акча каражаттарды кабыл алууга жана чегерүүгө;
8.2.3. Келишимдин текстине, Кызматтардын тизмесине, тарифтерге жана лимиттерге (чектөөлөргө) жеткиликтүүлүктү Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык стенддерге, Банктын сайтына жана/же Мобилдик тиркемеге жайгаштыруу аркылуу камсыз кылууга;
8.2.4. Кардардын эсептери/карталары/электрондук капчыгы боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө банктык сырды сактоого жана алар боюнча маалыматты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда гана берүүгө;
8.2.5. Банк тарабынан белгиленген тартипте Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы же телефон аркылуу кайрылуусу боюнча Кардардын эсебин/картасын/электрондук капчыгын дароо бөгөттөөгө;
8.2.6. мүмкүн болгон техникалык көйгөйлөрдү акылга сыярлык мөөнөттө жоюу боюнча чараларды көрүүгө; алдын алуу жана техникалык иштерди жүргүзүүдө Кардарларга өз убагында билдирүүгө.

## 9. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

9.1. Келишимдин шарттарын аткарбагандыгы, талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн тараптар жоопкерчилик тартышат.
9.2. Дарамет жеткис күчтөрдүн (форс-мажор) жагдайлары аракеттенген мезгилде Тараптар жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажор жагдайларына шилтеме жасаган Тарап экинчи Тарапка тастыктоочу документти көрсөтүү менен, мындай жагдайлар башталгандан тартып 10 (он) жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.
9.3. Кардар төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликти тартат:
– Кардар тарабынан Мобилдик тиркеме системасына кирүү каражаттарынын (мобилдик түзүлүш, телефон номери, коддор) коопсуздугун жана купуялуулугун сактоо боюнча чараларды жана Аралыктан банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздук талаптарында (Келишимге карата Тиркеме) каралган башка чараларды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөм инструменттерин пайдалануу эрежелерин жана төлөм документтерин тариздөө тартибин сактабагандыгы үчүн;
– Мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик түзүлүш, телефон номери (SIM-карта), Коддор, төлөм картасы жоголгон/үчүнчү жак тарабынан уурдалган учурдан тартып Банк тарабынан Мобилдик тиркеме системасына кирүүгө/төлөм картасына бөгөт коюлганга чейин мезгил ичинде жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн, ошондой

эле анын кесепетинен келтирилген бардык зыяндар үчүн.

9.4. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликти тартпайт:

– Кардардын тапшырмаларын аткарбагандыгы же өз убагында аткарбагандыгы үчүн, эгерде Кардар толук эмес же жаңылыш реквизиттерди көрсөтсө, же Кардардын тапшырмалары аткарылбагандыгы же өз убагында аткарылбагандыгы банк-корреспонденттин же башка үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча келип чыкса, же Кардардын эсеби/картасы/электрондук капчыгы камакка алынса же операциялар Келишимге, Кыргыз Республикасынын же алуучунун өлкөсүнүн мыйзамдарына ылайык убактылуу токтотулса/бөгөттөлсө;

– Кардар тарабынан ээси (абоненти) болуп саналбаган уюлдук телефон номери, так эмес жеке маалыматтар көрсөтүлгөндүгүнүн кесепеттери үчүн;

– эгерде анкетада, Мобилдик тиркеменин системасында же Банктын башка автоматташтырылган системаларында Кардар көрсөткөн телефон номерине/дареги боюнча Банк тарабынан маалымат жөнөтүлгөн болсо, ошол маалыматты ыйгарым укугуна ээ эмес адам алгандыгынын кесепеттери үчүн;

– телефон номерине (SIM-картага), Кардардын мобилдик түзүлүшүнө жана/же Коддорго үчүнчү жактар тарабынан жетүүнүн кесепеттери үчүн;

– Кардардын жабдуусунун, программалык камсыздоосунун, байланыш каналдардагы коммуникациялардын бузулушу жана/же кооптуулугу үчүн, ошондой эле үчүнчү жак (Интернет-провайдер ж.б.) тарабынан камсыздалган каражаттар жана кызматтар үчүн;

– Банктан көз карандысыз себептерден улам келип чыккан жана Кардар Код менен СМС-билдирүүнү албай калышына же өз убагында албай калышына, ошондой эле Код киргизилбей калгандыгына же өз убагында киргизилбей калгандыгына алып келген уюлдук байланыштын, Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тарамынын, электр байланыш түйүндөрүнүн ишинде пайда болгон мүчүлүштүктөр үчүн.

## 10. БАШКА ШАРТТАР

10.1. Банктын/Банктын тиешелүү бөлүмүнүн жайгашкан жери Келишим түзүлгөн жери болуп эсептелет.

10.2. Кардардын кайрылууларын кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Банктын ички ченемдик актыларында ("Компаньон Банкы" ЖАКда финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо тууралуу жобосунда), Келишимде жана/же тиешелүү төлөм системалары тарабынан белгиленген дооматтар менен иштөө эрежелеринде (төлөм карт жагынан) каралган тартипте жана мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

10.3. Эгерде талаш-тартыштарды сүйлөшүүлөр жолу менен чечүү мүмкүн болбосо, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет. Тараптар Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (КР ЖПК) 34-беренесин жетекчиликке алышып, КР ЖПКнын 30-беренеси менен белгиленген сот караштуулугун өзгөртүүгө сүйлөшүштү, ошого жараша Банк доо менен, сот караштуулугу КРнын ЖПКнын 32-беренесинде белгиленген доолорду эске албаганда, Банктын же анын филиалдары жайгашкан жери боюнча же болбосо жоопкер жайгашкан жери боюнча кайрылууга укуктуу. Кардар Банкка карата доо менен Банк жайгашкан жери боюнча гана кайрылууга укуктуу.

10.4. Келишимде каралбаган шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана иштиктүү карым-катнаштардын каада-салттарына ылайык жөнгө салынат.

## 11. БАНКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ

«Компаньон Банкы» ЖАК
Дареги: 720044, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Шота Руставели к., 62
БИК: 113001
ОКПО: 23672096
ИНН: 01210200410119
Кардарларды тейлөө үчүн телефон номерлери – (0312) 338800, 8800

## АРАЛЫКТАН БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН КООПСУЗДУК ТАЛАПТАРЫ

Мобилдик тиркемени колдонууда коопсуздукту камсыздоо үчүн кардарлар төмөнкү эрежелерди сакташы керек:

1. Коддорду Мобилдик түзүлүштө же коргоого алынбаган жабдууларда, башка жеткиликтүү жерлерде ачык текст түрүндө сактабоо;
2. Коддорду сактоо үчүн атайын программалык камсыздоону (мисалы, KeePassXC Password Manager) колдонуу;
3. Коддорду башка адамдарга билдирбөө, ачып көрсөтпөө же башка жол менен бербөө;
4. Чаттар же электрондук почта аркылуу келген шилтемелер боюнча өтпөө. ПИН-кодду, паролду мезгил-мезгили менен өзгөртүп туруу, ошондой эле символдордун жана белгилердин ысым, туулган күн, телефон номериндеги цифралар сыяктуу жөнөкөй же айкын айкалышын колдонбоо;
5. Операцияны ишке ашыруунун же кандайдыр бир тактоолордун зарылчылыгы жок болгон учурда жеке маалыматтарды (паспорттук маалыматтарды, банк эсебинин номерин же электрондук почта дарегин, электрондук капчыктын номерин, ПИН) бөтөн бирөөгө ачып көрсөтпөө;
6. Каталарды же Мобилдик тиркемеде жүргүзүлгөн уруксатсыз операцияларды табуу үчүн эсеп/карта/электрондук капчык боюнча операциялардын таржымалын жана каражаттардын калдыгын дайыма текшерип туруу;
7. Мобилдик тиркемеге кирүү үчүн башка адамдардын мобилдик түзүлүштөрүн колдонбоо;
8. Өз пайдалануу жабдууну (мобилдик түзүлүштү) санкциясыз пайдалануудан жана зыян келтирүүчү программалардан коргоо, мында вируска каршы программаны дайым жаңыланышына жана анын туруктуу иштешине көз салуу;
9. Өз пайдалануу жабдуу (мобилдик түзүлүш) кыска мөөнөткө кароосуз калганына карабастан, электрондук операциялар ишке ашырылгандан кийин Мобилдик тиркемеден чыгып кетүү зарыл;
10. Мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик түзүлүштү башка адамдарга колдонууга уруксат бербөө;
11. Эсепти/картаны/электрондук капчыкты уруксатсыз пайдалануу, үчүнчү жактар тарабынан уруксатсыз жана/же алдамчылык операцияларды жүргүзүү бардык учурлары жөнүндө, ошондой эле Мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик түзүлүш жоголгон же уурдалган учурларда эсепти/картаны/электрондук капчыкты өз убагында бөгөттөө үчүн ар кандай жеткиликтүү жол менен (жазуу жүзүндө же 0312338800, 8800 телефондору аркылуу) Банкка дароо билдирүү;
12. Эсепке/картага/электрондук капчыкка акча которуу жөнүндө башка адамдардын буйруктарын аткарбоо. Эгерде ошондой буйруктар аткарылса, ошол адамдардын байланыштарын жана кат алышуунун скриншотторун сактап коюу зарыл. Кат алышуунун көчүрмөлөрү укук коргоо органдары үчүн далил болушу мүмкүн.

Мобилдик тиркемени колдонуп жаткан Кардарлар төмөнкү тобокелдиктерге туш болушу мүмкүн:

– **Жеке маалыматтарды жоготуу/уурдоо/ачыкка чыгаруу тобокелдиги –** кыянатчы өзүнүн максаттары үчүн Кардардын жеке маалыматтарын колдонушу мүмкүн (мисалы, купуя маалыматтар үчүн акча талап кылышы мүмкүн же болбосо Кардардын паспортунун көчүрмөсүн башка жактарга көрсөтүп колдонуп алышы мүмкүн).

– **Эсептен/картадан/электрондук капчыктан акча каражаттарды уурдоо тобокелдиги,** эгерде аларга жетүү мүмкүнчүлүгү пайда болуп калса.

**Аралыктан банктык кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимге карата 2-тиркеме**

## Жеке маалыматтарын берүүгө жана иштетүүгө жеке маалыматтар субъектисинин макулдугу

Кардар эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрки менен Банкка төмөнкү макулдугун берет:

төмөнкү жеке маалыматтарды: паспортунун түрү, документти берген органдын аталышы жана коду, берилген датасы, колдонуу мөөнөтү, ПИН, толук аты-жөнү, туулган датасы, жынысы, жүзүнүн санарип сүрөтү, катталган жеринин дареги, үйбүлөлүк абалы, кредитти төлөө тартиби, телефон номери, мобилдик байланыш боюнча кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдардын бир айлык суммасы, роумингде болушу, мобилдик байланыш үчүн колдонулган терминалдык жабдуулардын түрлөрү, геолокациясы, программалык камсыздоонун, акыркы продукттун, маалыматтардын субъектинин жана айлана-чөйрөнүн идентификаторлору, чалуулардын жана манжа изи боюнча аутентификациялоонун функционалын колдонуу жөнүндө маалыматтар, орнотулган тиркемелер (пакеттердин аталышы, жолдор, уруксаттар, сертификаттар, булактар, колдонулган китепканалар, орнотуулардын датасы жана убактысы, бедел) жана файлдар (аталышы, хэш, өлчөмү, жолу) жөнүндө маалыматтар, учурдагы тармактык туташуулар, жабдуунун роуминги, тармактык туташуулар жөнүндө маалыматтар, жабдуунун касиеттери жөнүндө маалыматтар жана электр байланыш жөнүндө мыйзамдарга ылайык башка маалыматтар ж.б.

–иштетүүгө (аткаруу ыкмасына карабастан, жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу, бөгөт коюу, өчүрүү жана бузуу максатында автоматтык каражаттар менен же аларсыз жеке маалымат массивин кармоочу (ээси) аткарган, же болбосо анын тапшырмасы менен аткарылган кандай болбосун операция же операциялардын топтому), ошондой эле:

–берүүгө (жеке маалымат массивин кармоочунун (ээси) "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүсү);

–трансчекаралык берүүгө (жеке маалыматтарды кармоочунун (ээси) башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган жеке маалыматтарды берүүсү).

Жогоруда аталган жеке маалыматтар Кардарга мамлекеттик (муниципалдык), банктык жана төлөм кызматтарды көрсөтүү максатында, террористик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында жана ар кандай башка максаттар үчүн иштетүүгө берилет.

Кардар төмөнкүлөр менен таанышып чыкты:

1) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук, Келишимге кол коюлган (ушул Офертага акцепт берилген) күндөн тартып ага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөр, банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр берилген мөөнөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде жарактуу;

2) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту эркин формада жазылган кат жүзүндөгү арыздын негизинде кайта сурап алууга болот;

3) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайта сурап алынган учурда “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык анын жеке маалыматтарын иштетүүнү толук же жарым-жартылай улантууга болот.

Жеке маалыматтарды иштетүү башталган күн Келишимге кол коюлган (ушул Офертага акцепт берилген) күн болуп саналат.